1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары — Университет, КМТУ) магистрдик диссертациясы жөнүндө Жобо (мындан ары — Жобо) КМТУнун магистранттарынын бүтүрүүчү квалификациялык ишине коюлуучу талаптарды аныктайт.

1.2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, И. Раззаков атындагы КМТУнун жогорку жана орто кесиптик билим берүү бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы жөнүндө Жобосуна, жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына (ЖКББ МББС) жана КМТУнун билим берүү стандарттарына ылайык иштелип чыккан.

1.3. Диссертация — квалификациялык мүнөзгө ээ болгон илимий иштердин бир түрү. Магистрдик диссертация илимий ишти ачык коргоого даярдоону жана магистр квалификациясын алууну камтыйт.

Магистрдик диссертация — автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, илим кандидаты же доктору, доцент тарабынан илимий жетекчилик алдында (зарыл болгон учурда — консультантты тартуу менен) аткарылган, изилдөө предметин терең билгендигин жана тандап алынган багыт боюнча илимий адабияттарды кеңири өздөштүргөндүгүн далилдеген илимий квалификациялык иш болуп саналат.

Магистрдик диссертация илимий-изилдөөчү адистин калыптанышынын алгачкы этабы болуп эсептелет жана алынган билимдерди жана көндүмдөрдү мындан ары кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Магистрдик диссертацияда камтылган чечимдер жана сунуштар негизделген жана сынчыл бааланган болушу керек; алардын практикалык мааниси, илимий жаңылыгы, изилдөөчүлүк багыттуулугу, ошондой эле илимий, социалдык жана экономикалык келечеги аныкталууга тийиш. Ачык коргоо үчүн илимий жыйынтыктарды жана сунуштарды тастыктаган сунуштамалар талап кылынат.

1.4. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (ЖКББ МББС) же КМТУнун билим берүү стандартынын (КМТУ ББС) бүтүрүүчүнүн квалификациялык мүнөздөмөсүнө коюлган талаптары, ошондой эле магистрди даярдоонун конкреттүү билим берүү программасынан келип чыккан атайын талаптар менен аныкталат. Изилдөөнүн объектиси жана предмети магистрдик программанын багытына шайкеш келиши керек.

1.5. Магистрдик диссертациянын автору диссертацияны даярдоо жана коргоо процессинде тандап алынган магистрдик программада каралган компетенциялардын жыйындысын көрсөтүүгө тийиш.

1.6. Магистрди даярдоонун илимий-изилдөө бөлүгүнө жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга (анын ичинде магистрдик диссертацияга) коюлуучу атайын талаптар кафедра жана илимий жетекчи тарабынан аныкталат.

1.7. Магистрдик диссертацияны даярдоо жана аткаруу процесси төмөнкү этаптарды камтыйт:

- магистрдик диссертациянын темасын бекитүү;
- магистрдик диссертацияны аткаруу;
- магистрдик диссертацияны рецензиялоо жана коргоо.

1.8. Магистрантты магистрдик диссертацияны жазууга жол берүү үчүн негиз катары кафедрада диссертациянын темасынын бекитилиши эсептелет. Ачык коргоого формалдуу түрдө жол берүү үчүн илимий жетекчинин оң пикири жана оң рецензия талап кылынат.

1.9. Магистрдик диссертацияны коргоонун алдында бүтүрүүчү изилдөөнүн жыйынтыктарын конференцияларга, тегерек столдорго катышуу жана илимий макалаларды жарыялоо (кеминде бир макала) аркылуу апробациялоого милдеттүү.

1.10. Магистрдик диссертация ушул Жободо белгиленген мөөнөттөрдө «Антиплагиат» системасында оригиналдуулукка текшерүүдөн өтүүгө тийиш.

## 2. Магистрдик диссертациянын темасын бекитүү тартиби

2.1. Магистрдик диссертациялардын болжолдуу темаларынын тизмеси даярдык багыты (программасы) боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштурууга жооптуу кафедранын жыйынында, программаны ишке ашырууга катышкан окутуучулардын сунуштарын эске алуу менен бекитилет. Темалар ишканалардын жана уюмдардын өкүлдөрү тарабынан да сунушталышы мүмкүн.

2.2. Диссертациялардын темалары жыл сайын жаңыртылып турушу жана магистрди даярдоо программасына, кафедранын профилине, университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн багыттарына жана иш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкеш келиши керек.

2.3. Магистрдик диссертациянын темасы актуалдуу болуп, илимий жана практикалык кызыкчылыкты жаратылышы жана магистрант тандаган адистикке ылайык келиши зарыл. Изилдөөнүн алкагында магистрант тарабынан иштелип чыккан жаңы ыкмаларды колдонуу каралат, бул иштин илимий жаңылыгын камсыз кылат.

2.4. Магистрантка бекитилген тизмеден магистрдик диссертациянын темасын өз алдынча тандоо укугу берилет. Кафедра башчысы менен макулдашуу аркылуу магистрант тизмеге кирбеген теманы да, аны иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугун негиздеп, сунуш кыла алат. Сунушталган тема адистешүүгө туура келип, профилдик кафедралардын изилдөөлөрүнүн артыкчылыктуу багыттарынын тизмесине кириши керек.

2.5. Магистрдик диссертациянын темасы магистрант магистратурага кабыл алынгандан кийин эки айдын ичинде кафедранын жыйынында талкууланып, институттун/Жогорку мектептин (ЖМ) Окумуштуулар кеңешинин жыйынына чыгарылат жана институттун/ЖМдин директору тарабынан бекитилет.

2.6. Магистрдик диссертацияны аткаруу процессинде магистрант илимий жетекчинин пикирин эске алуу менен теманын формулировкасын тактоого (коррекциялоого) укуктуу.

2.7. Бекитилген темага ылайык илимий жетекчи магистрантка изилдөө объектисин үйрөнүү жана изилдөө жүргүзүү боюнча тапшырма берет. Тапшырма (бекитилген форма боюнча) магистрант жана илимий жетекчи тарабынан толтурулуп, кафедранын жыйынында бекитилет.

2.8. Магистрдик диссертацияда илимий изилдөөнүн төмөнкү схемасы сакталууга тийиш:

- теманын актуалдуулугун негиздөө;
- изилдөөнүн максатын жана милдеттерин коюу;
- изилдөөнүн объектисин жана предметин аныктоо;
- изилдөө ыкмаларын (методикаларын) тандоо;
- изилдөөнүн жыйынтыктарын талкуулоо;
- жыйынтыктарды формулировкалоо жана алынган натыйжаларга баа берүү.

2.9. Магистрдик диссертациялардын илимий жетекчилери кафедра башчыларынын сунушу боюнча дайындалат. Илимий жетекчи катары университеттин профессорлору, доценттери, ошондой эле мекемелердин жана ишканалардын жогорку квалификациялуу адистери боло алышат.

2.10. Илимий жетекчинин милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- магистрдик диссертация боюнча тапшырманы аныктоо;
- иш планынын түзүлүшү;
- магистрант менен биргеликте тапшырманы толтуруу;
- илимий изилдөөлөрдү уюштуруу;
- өз алдынча иштөөнүн мөөнөттөрүн жана көлөмүн белгилөө;
- консультацияларды өткөрүү;
- графикке ылайык иштин аткарылышын көзөмөлдөө;
- магистратура журналына аткаруунун этаптарын белгилөө;
- кафедранын жыйынында магистрантты аттестациялоо.

2.11. Илимий жетекчи жана магистранттын сунушу боюнча кафедра илимий жетекчиге бөлүнгөн убакыттын лимитинин эсебинен консультант дайындоого укуктуу.

## 3. Магистрдик диссертацияны аткаруу тартиби

3.1. Магистрдик диссертацияны аткаруу илимий-изилдөө, илимий-өндүрүштүк жана/же педагогикалык практикадан өтүү мезгилинде (эгер каралган болсо), ошондой эле илимий-изилдөө иштерин аткаруунун жүрүшүндө жүзөгө ашырылат.

3.2. Илимий-изилдөө практикасы магистрдик диссертацияны аткаруунун биринчи этабы болуп саналат. Бул этапта магистрдик диссертациянын темасы тандалат, анын актуалдуулугу негизделет, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталат, изилдөө методикасы тандалат жана адабияттарга сереп жүргүзүлөт. Практикадан өтүүнүн мөөнөттөрү жана тартиби, жыйынтыктарга коюлуучу талаптар, баалоо критерийлери жана отчеттук документтер магистрлерди даярдоо багыттары боюнча илимий-изилдөө практикасынын жумушчу программалары менен аныкталат.

3.3. Илимий-изилдөө иши магистранттарды даярдоо багыттары боюнча окуу планына жана академиялык календарга ылайык белгиленген мөөнөттөрдө аткарылат жана магистрдик диссертацияны алдын ала коргоо (предзащита) менен жыйынтыкталат. Илимий-изилдөө ишин өткөрүү формаларына, баалоо критерийлерине жана отчеттук документтерге коюлуучу талаптар магистрлерди даярдоо багыттары боюнча илимий-изилдөө ишинин жумушчу программаларында баяндалган.

3.4. Илимий-изилдөө ишин аткарууга жооптуу кафедра магистрдик диссертацияларды даярдоонун жүрүшү тууралуу магистранттардын жана илимий жетекчилердин отчетторун үзгүлтүксүз угуп турат.

## 4. Магистрдик диссертацияны рецензиялоо жана коргоо тартиби

4.1. Магистрдик диссертация мазмунуна жана жасалгасына коюлган белгиленген талаптарга жооп бериши керек (1-тиркеме). Даярдоонун конкреттүү багыттары боюнча магистрдик диссертациянын мазмунуна жана жасалгасына коюлуучу талаптар тиешелүү кафедралар тарабынан иштелип чыккан магистрдик диссертацияны аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөрдө баяндалат.

4.2. Магистрдик диссертацияны алдын ала коргоонун жана тапшыруунун мөөнөттөрү магистратуранын окуу планына жана академиялык календарына ылайык аныкталат.

4.3. Магистрдик диссертация илимий жетекчиге басма түрүндө, түптөлгөн абалда берилет. Диссертацияга магистранттын илимий публикациялары жөнүндө маалыматтар тиркелет (кеминде бир макала): «КГТУнун кабарлары» журналында же башка рецензияланган журналдарда, конференциялардын эмгектеринде, республикалык же эл аралык конференциялардын докладдарынын тезистер жыйнактарында жарыяланган болушу керек.

4.4. Алдын ала коргоонун жыйынтыгы боюнча (коргоого чейин кеминде бир ай мурда) кафедранын жыйынында магистрантты Мамлекеттик аттестациялык комиссияда (МАК) коргоого жиберүү же жибербөө жөнүндө чечим кабыл алынат. Коргоого жол берүү институттун/Жогорку мектептин (ЖМ) директорунун буйругу менен, кафедра башчысынын рапортуна жана Окуу башкармалыгы менен макулдашуу негизинде таризделет.

4.5. Алдын ала коргоо оң жыйынтык берген учурда илимий жетекчи магистрдик диссертацияга пикир (отзыв) даярдайт (2-тиркеме). Пикир магистрдик диссертацияны коргоого жол берүүгө же жол бербөөгө мүмкүнчүлүк бар экендиги тууралуу сунуш менен аякташы керек. Илимий жетекчи Окуу башкармалыгы менен макулдашылган мөөнөттөрдө диссертацияны доработка кылууну сунуштоого укуктуу.

4.6. Магистрдик диссертацияны коргоого жол бербөө жөнүндө чечим кафедранын жыйынында илимий жетекчи жана магистранттын катышуусунда кабыл алынып, өз убагында институттун/ЖМдин директоруна маалымдалат. Терс чечим чыккан учурда магистрант бул чечимге даттанууга укуктуу.
Коргоого жол берилбеген, окуу планын аткарбаган (белгиленген сандагы экзамендерди тапшырбаган) же контракттык окуу үчүн карызы бар магистрант коргоого киргизилбейт. Ага магистратурада окугандыгы тууралуу академиялык маалымкат берилет.

4.7. Коргоого жол берилген магистрдик диссертация тышкы рецензиялоого жөнөтүлөт. Рецензент илимий жетекчи менен макулдашуу аркылуу кафедра тарабынан аныкталат. Рецензияда иштин актуалдуулугу, илимий жаңылыгы жана маанилүүлүгү, автордун өз алдынчалуулук деңгээли, илимий изилдөө ыкмаларын колдонуу жөндөмү, корутундулардын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү бааланат, ошондой эле диссертациянын кемчиликтери талданат (3-тиркеме). Магистрант рецензия менен алдын ала таанышууга тийиш.
4.8. Магистрдик диссертация рецензенттин терс пикири болгон учурда да коргоого сунушталышы мүмкүн. Мындай диссертацияны коргоо рецензенттин катышуусунда гана жол берилет.
4.9. Белгиленген тартипте таризделген илимий жетекчинин пикири жана рецензия магистрдик диссертация менен бирге белгиленген мөөнөттөрдө тапшырылат.
4.10. Магистрант коргоого кошумча рецензияларды, тиешелүү же чектеш профилдеги адистердин пикирлерин, ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктарын окуу процессине жана/же практикалык ишмердүүлүккө киргизүү тууралуу маалымкаттарды берүүгө укуктуу.
4.11. Магистрдик диссертациянын автору болгон магистрант анын аткарылышынын мөөнөттөрүн сактоого, фактикалык материалдын ишенимдүүлүгүнө, талдоонун тууралыгына жана корутундулардын негиздүүлүгүнө жоопкерчилик тартат. Коргоого төмөнкү документтер тапшырылат:
- магистрдик диссертация;
- илимий публикациялар;
- рецензенттин пикири;
- илимий жетекчинин пикири;
- индивидуалдык тапшырма;
- индивидуалдык план;
- зачеттук китепче.
4.12. Магистрдик диссертацияны коргоо тиешелүү профилдеги жогорку квалификациялуу адистерден жана/же илимий даражасы же илимий наамы бар окутуучулардан турган Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын (МАК) ачык жыйынында өткөрүлөт. МАКтын курамы КГТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет. Жыйынтык мамлекеттик аттестациянын расписаниеси университеттин академиялык иштер боюнча проректору тарабынан бекитилет. Магистранттарды жыйынтык мамлекеттик аттестацияга жиберүү тууралуу буйрук институттун/ЖМдин дирекциясы тарабынан даярдалат.
4.13. Магистрдик диссертацияны коргоо боюнча МАКтын жыйыны төмөнкү шарттар сакталган учурда мыйзамдуу деп эсептелет:
- МАК мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экисинин катышуусу;
- магистранттын катышуусу;
- магистрдик диссертациянын тексти, илимий публикациялар, антиплагиат текшерүүсүнүн жыйынтыгы тууралуу маалымкат, ошондой эле тиешелүү адамдар кол койгон илимий жетекчинин пикири жана рецензиянын болушу.
4.14. Магистрдик диссертацияны коргоо илимий дискуссия мүнөзүндө өтүп, принциптүүлүк жана илимий этиканын нормаларын сактоо шартында жүргүзүлөт. Диссертацияда камтылган бардык илимий жана практикалык мүнөздөгү корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү менен негиздүүлүгү ар тараптуу талдоого алынат.
4.15. МАКтын жыйыны катчы тарабынан магистранттын фамилиясы, аты-жөнү жана атасынын аты жарыялоо менен башталат. Андан соң магистрдик диссертациянын темасы айтылып, зарыл документтердин (илимий жетекчинин пикири, тышкы рецензия, окуу картасы) бар экендиги маалымдалат. Магистранттын окуу ишмердүүлүгүнө кыскача мүнөздөмө берилет (окуусунун көрсөткүчтөрү, публикациялардын болушу, конференцияларга жана илимий иш-чараларга катышуусу). Андан кийин магистрантка 10–15 мүнөттүк доклад үчүн сөз берилет. Докладда теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, илимий жаңылык, коргоого коюлуучу негизги жоболор жана алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси ачып көрсөтүлөт.

Зарыл болгон учурда иллюстративдик материалдар (таблицалар, графиктер, слайддар ж.б.) колдонулат. Доклад мамлекеттик, расмий же чет тилдеринин биринде жасалышы мүмкүн. Докладдан кийин рецензия окулат жана магистрант анда айтылган сын-пикирлерге жооп берет. Андан соң МАК мүчөлөрү иштин мазмуну боюнча суроолорду беришет. Жооптордон кийин илимий жетекчинин пикири жарыяланат.

4.16. Магистрдик диссертация беш баллдык система боюнча бааланат: «эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык», «канааттандырарлык эмес». Баалоодо төмөнкүлөр эске алынат:

- изилдөө темасынын актуалдуулугу;
- аткарылган иштин көлөмү жана тереңдиги;
- изилдөөнүн өз алдынчалуулук деңгээли;
- изилдөө темасы боюнча илимий доктринаны жана практиканы билүү;
- корутундулардын жана сунуштардын илимий жана практикалык мааниси;
- алынган жыйынтыктарды илимий, практикалык же окуу ишмердүүлүгүндө колдонуу мүмкүнчүлүгү;
- материалдын логикалуу жана сабаттуу баяндалышы;
- докладдын сапаты;
- суроолорго жана эскертүүлөргө берилген жооптордун толуктугу жана негиздүүлүгү;
- илимий публикациялардын жана конференциялардагы баяндамалардын болушу.

4.17. МАКтын чечими жабык жыйында ачык добуш берүү жолу менен, комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең чыккан учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат. Эгер магистранттын илимий жетекчиси МАКтын курамына кирсе, ал добуш берүүгө катышпайт.

4.18. МАКтын чечими протокол менен таризделет. Протоколго берилген бардык суроолор, магистранттын жооптору, өзгөчө пикирлер жана магистр квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик үлгүдөгү дипломду (артыкчылык менен же артыкчылыксыз) берүү жөнүндө чечим киргизилет. Диссертациянын жыйынтыктары жарыялоого же ишке киргизүүгө сунушталышы мүмкүн. Протоколго МАКтын төрагасы жана мүчөлөрү кол коюшат. Коргоонун жыйынтыктары магистрантка коргоо күнү жарыяланат.

4.19. Канааттандырарлык эмес баа коюлган учурда магистрдик диссертация корголгон деп эсептелбейт, магистр квалификациясы ыйгарылбайт, диплом берилбейт.

4.20. Магистрдик диссертацияга коюлган баа жана магистр квалификациясын ыйгаруу жөнүндө МАКтын чечими протоколдор менен таризделип, магистранттын зачеттук китепчесине киргизилет жана комиссиянын төрагасы менен мүчөлөрүнүн кол тамгалары менен ырасталат.

4.21. Белгиленген мөөнөттө магистрдик диссертациясын тапшырбаган же аны жүйөлүү себептер менен коргой албаган магистрантка коргоо мөөнөтү кафедра башчысынын рапорту негизинде ректордун буйругу менен бир жылга чейин узартылышы мүмкүн.

4.22. Магистрдик диссертациясын коргой албаган магистрант аны кийинки окуу жылында доработкадан кийин кайра коргоого же жаңы магистрдик диссертация даярдап, коргоого укуктуу.

4.23. Магистрдик диссертацияны аткаруудан баш тарткан учурда магистрант магистратураны бүтүрүүгө кеминде бир семестр калганда илимий жетекчини жана кафедраны жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү.

4.24. Илимий жетекчинин өз милдеттерин аткара албай калуусуна байланышкан маселелер (сапарга чыгуу, ооруп калуу ж.б.) Окуу башкармалыгы менен макулдашуу аркылуу кафедранын жыйынында жекече тартипте чечилет. Зарыл болгон учурда кафедра башчысы илимий жетекчини (убактылуу же магистрдик диссертацияны аткаруунун бүткүл мөөнөтүнө) алмаштыруу жөнүндө институттун/ЖМдин директоруна рапорт жолдойт, андан кийин тиешелүү буйрук чыгарылат.

**5. Магистрдик диссертациянын мазмунуна жана жасалгасына коюлуучу талаптар**

5.1. Магистрдик диссертация төмөнкү негизги элементтерди камтышы керек: титулдук бет, мазмуну (оглавление), киришүү, негизги бөлүк, корутунду, колдонулган булактардын тизмеси. Магистрдик диссертацияда тиркемелер болушу мүмкүн.

5.2. Магистрдик диссертациянын киришүү бөлүгүнүн, негизги бөлүгүнүн жана корутундусунун мазмуну иштин темасына так ылайык келип, аны толук ачып бериши керек. Иштин мазмуну илимий изилдөөнүн баштапкы шарттарын, изилдөөнүн жүрүшүн толугу менен жана алынган жыйынтыктарды чагылдырат. Магистрдик диссертация илимий билимдин азыркы деңгээлине жана магистрди даярдоого коюлган квалификациялык талаптарга жооп бериши зарыл.

5.3. Магистрдик диссертация мамлекеттик, расмий (орус) же чет тилдеринин биринде аткарылат жана кыргыз жана/же орус тилиндеги аннотация, ошондой эле милдеттүү түрдө чет тилдеринин бириндеги аннотация менен коштолот.

5.4. Бүтүрүүчү магистрдик иштин илимий изилдөө катары стилинин өзгөчөлүктөрү — мазмундук бүтүндүк, тексттин биримдиги жана байланыштуулугу, бардык ой-пикирлердин жана баалоолордун далилдүүлүгү болуп саналат. Илимий жазма кептин стилистикалык өзгөчөлүктөрүнө мазмундук тактык (ойду бир мааниде билдирүүгө умтулуу), кыскалык, кайталануулардын жана ашыкча деталдардын жоктугу кирет. Магистрдик диссертациянын тили илимий аппаратты, атайын терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууну талап кылат. Жаңы терминология киргизилгенде же терминдер жаңы мааниде колдонулган учурда, алардын ар биринин мазмуну так ачып көрсөтүлүшү керек.

5.5. Киришүү бөлүгүндө магистрдик диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделет, изилдөөнүн максаты аныкталат, коюлган максатка жетүү үчүн зарыл болгон милдеттер формулировкаланат, изилдөө ыкмалары тандалат, теманын иштелип чыгуу даражасы мүнөздөлөт, диссертациянын түзүлүшү негизделет, ошондой эле ачык коргоого коюлуучу негизги жоболор баяндалат.

5.6. Магистрдик диссертациянын негизги бөлүгү бөлүмдөргө жана бөлүкчөлөргө бөлүнгөн главалардан турат. Ар бир параграф киришүүдө коюлган милдеттерди чечүүгө арналат жана илимий адабияттарды жана (зарыл болгон учурда) укук колдонуу же практикалык ишмердүүлүк тажрыйбасын талдоону, ошондой эле каралган маселелер боюнча автордук позицияны камтыйт.

5.7. Корутундуда теориялык жана практикалык мүнөздөгү жыйынтыктык корутундулар берилет. Анда магистрант тарабынан изилдөө процессинде алынган негизги илимий натыйжалар (башка авторлордун жыйынтыктары менен салыштырып) талданат, ошондой эле иштелип чыккан сунуштар жана рекомендациялар, аларды практикалык колдонуу тажрыйбасы жана келечеги көрсөтүлөт.

Магистрдик диссертациянын корутундусунда төмөнкүлөр формулировкаланат:

- коюлган милдеттерге ылайык изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча конкреттүү корутундулар;
- изилдөөнүн максатына ылайык магистрант тарабынан алынган негизги илимий жыйынтык (илимий проблеманы чечүү, изилдөө объектисине жана предметине байланыштуу жаңы билимди алуу же колдонуу), иш гипотезасын тастыктоо же четке кагуу;
- мындан аркы изилдөөлөрдүн мүмкүн болгон жолдору жана перспективалары.

Маалымдамалык жана жардамчы мүнөздөгү бардык материалдар (таблицалар, графиктер, иллюстрациялар, схемалар, анкеталар, тесттер жана башка материалдар), негизги текстке кирбегендер, тиркемелерге чыгарылат. Диссертациянын көлөмүн жасалма түрдө кыскартуу максатында автордук текстти тиркемелерге көчүрүүгө жол берилбейт. Библиографиялык тизме иштин текстинде айтылган жана цитаталанган бардык булактарды камтышы керек.

5.8. Магистрдик диссертациянын көлөмү изилдөөнүн предметине, максатына, милдеттерине жана ыкмаларына жараша аныкталат. Сунушталган көлөм — А4 форматындагы 60–100 бет.

5.9. Магистрдик диссертациянын биринчи бети — титулдук бет. Андан кийинки бардык беттер төмөн жагында араб цифралары менен номерленет. Беттердин номерлениши титулдук

беттен баштап сквозной жүргүзүлөт, бирок титулдук бетке номер коюлбайт. Сноскалар бет боюнча өзүнчө номерленет.
5.10. Негизги тексттин шрифтинин өлчөмү — 14, сноскалардын шрифти — 10. Катмар аралык интервал — 1,5. Барактын талаалары: жогору жана ылдый — 2 см, оң жагы — 1,5 см, сол жагы — 3 см.
5.11. Диссертациянын ар бир структуралык элементи (киришүү, главалар, параграфтар, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси ж.б.) жаңы беттен башталат. Бөлүмдөрдүн аталыштары саптын ортосуна жайгаштырылып, аягына чекит коюлбастан, баш тамгалар менен жана калың (жирный) шрифт менен басылат.
5.12. Колдонулган булактардын тизмеси алфавиттик тартипте, чыгаруу маалыматтары көрсөтүлүп жана белгиленген библиографиялык талаптарга ылайык тариздėлет.
5.13. Илимий жана башка булактардан алынган бардык заимстволор жана жоболор туура жана так шилтемелер менен көрсөтүлүүгө тийиш.

## 6. Магистрдик диссертацияны сактоо тартиби

6.1. Магистрдик диссертация корголгондон кийин чыгаруучу (выпускаган) кафедранын архивинде сакталат. Магистрдик диссертациянын акыркы варианты кафедрага эки формада тапшырылат:
- электрондук формада — PDF форматындагы бирдиктүү файл түрүндө (электрондук же башка материалдык ташуучуда);
- басма түрүндө — катуу мукабада.
6.2. Магистрдик диссертациянын электрондук версиясы сунушталган изилдөөнүн текстинин оригиналдуулугун аныктоо үчүн колдонулат.
6.3. Магистрдик диссертациянын электрондук версиясы ченемдик документтерде белгиленген мөөнөттөр ичинде сакталууга тийиш.
6.4. Магистрдик диссертацияларды сактоо тартиби төмөнкү жоболорду камтыйт:
- чыгаруучу кафедралардын башчылары магистрдик диссертациялардын электрондук версияларын китепкананын фондуна өткөрүү үчүн жооптуу адамдарды дайындашат жана алар жөнүндө маалыматты каттоо үчүн китепкананын директоруна беришет;
- чыгаруучу кафедра магистрдик диссертация корголгондон кийин 10 жумушчу күндүн ичинде анын электрондук версиясын Илимий-техникалык китепканага (ИТК), электрондук документтер жана библиография бөлүмүнө, электрондук каталогго сүрөттөмө киргизүү үчүн өткөрүп берүүгө милдеттүү;
- магистрдик диссертациялар титулдук бетти, антиплагиат текшерүүсүнүн жыйынтыгы тууралуу маалымкатты жана иштин толук текстин камтыган жабык PDF-файл түрүндө тапшырылат;
- ИТК ИРБИС-64 программалык камсыздоосунда магистрдик диссертациялардын маалымат базасын жүргүзүү үчүн жооптуу адамды дайындайт;
- жооптуу адам менен конфиденциалдуу маалыматты ачыкка чыгарбоо жөнүндө келишим түзүлөт;
- магистрдик диссертациялардын маалымат базасы бардык колдонуучулар жана ИТКнын кызматкерлери үчүн жабык болуп саналат, жооптуу адамдан башка;
- иштердин номенклатурасына ылайык магистрдик диссертациялар кафедрада 5 жыл бою сакталат;
- сактоо мөөнөтү аяктагандан кийин магистрдик диссертациялар эксперттик комиссиянын актысынын негизинде эсептен чыгарылат (списание);
- магистрантка өзүнүн ишинен көчүрмө (копия) алуу анын арызы боюнча уруксат берилет;
- изилдөөнүн жыйынтыктарын ишке киргизүү максатында магистрдик диссертацияны ишканага же мекемеге берүү зарыл болгон учурда иштин көчүрмөсү даярдалат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:
УИБ башчысы А.Ж. Исраилов

Тиркеме 1

*Магистрдик диссертациянын титулдук бетин даярдоонун үлгүсү*

**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети**

МАГИСТРАНТТЫН ФАМИЛИЯСЫ, АТЫ ЖАНА АТАСЫНЫН АТЫ

**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ**

темасы: ______________________________________________

*(теманын аталышы)*

Магистрдик даярдоо багыты: ______________________________
Программа: ____________________________________________

Илимий жетекчиси: ______________________________________
*(илимий даража, илимий ысым, Ф.И.О.)*

______________________________________________________

*(колу)*

Датасы: _______________

Мамлекеттик аттестацияга катышууга уруксат берүү:
Кафедра башчысы: ______________________________________
*(Ф.И.О., колу, датасы)*

Институт/Жогорку мектептин директору: ____________________
*(Ф.И.О., колу, датасы)*

Бишкек, 20___

Тиркеме 2

*Магистрдик диссертация боюнча илимий жетекчинин пикиринин үлгүсү*

**магистрдик диссертация боюнча илимий жетекчинин**
**ПИКИРИ**

Магистрант: ____________________________________________ *(Ф.И.О.)*
Темасы: _______________________________________________
________________________________________________________

1. Тандалган теманын актуалдуулугу:
________________________________________________________
________________________________________________________

2. Изилдөө планын сапаты:
________________________________________________________
________________________________________________________

3. Иштин автордун көз карандысыздыгынын даражасы:
________________________________________________________
________________________________________________________

4. Теманы терең жана сапаттуу ачуу:
________________________________________________________
________________________________________________________

5. Изилдөө процессине мамилеси (твордук жактан, демилге, өз алдынча иштөө):
________________________________________________________
________________________________________________________

6. Тапшырылган иш коргоого (уруксат берилет / берилбейт).

Илимий жетекчи: _____________________________________
*(колу, А.А., илимий даражасы, окумуштуулук наамы, кызмат орду, иштеген жери)*
________________________________________________________

*«___»* _______________ *20 ж. (берилген датасы)*

Тиркеме 3

*Магистрдик диссертация боюнча тышкы рецензиянын үлгүсү*

---

**магистрдик диссертация боюнча**
**РЕЦЕНЗИЯ**

Магистрант(ка): ____________________________________________
Темасы: ____________________________________________
____________________________________________

1. Актуалдуулугу, илимий жаңылыгы:
____________________________________________
____________________________________________

2. Иштин мазмунун баалоо:
____________________________________________
____________________________________________

3. Иштин оң жагдайлары:
____________________________________________
____________________________________________

4. Иштин практикалык мааниси жана сунуштар колдонууга:
____________________________________________
____________________________________________
____________________________________________

5. Диссертациядагы кемчиликтер жана эскертүүлөр:
____________________________________________
____________________________________________

6. Аткарылган иштин сунушталган баасы:
____________________________________________

Рецензент: ________________ ______________________________
*(колу)* *(А.А.)*
____________________________________________
*(илимий даражасы, окумуштуулук наамы, кызмат орду, иштеген жери)*